*УДК:811.512.154.*

***Т.Садыков,****ф.и.д., профессор БГУ*
***С.Кылыч***
*К.Карасаев атындагы БГУнун аспиранты.*

# СУРАМА АТ АТООЧТУН ТЕКТЕШТИРМЕ КОНТЕКСТИ

# СРАВНИТЕЛЬНЫЙ КОНТЕКСТ ВОПРОСИТЕЛЬНЫХ МЕСТОИМЕНИЙ

# THE COMPARATIVE CONTEXT OF INTERROGATIVE PRONOUNS

***Аннотация:*** *Макала кыргыз, түрк жана тува тилдериндеги сурама ат атоочтордун тектештирме контекстине байланыштуу маселелерди талкуулоого арналат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *сурама ат атоочтор, тектештирме контексти, кыргыз, түрк жана тува тилдери.*

***Аннотация:*** *Статья посвящена обсуждению вопросов, связанных с сравнительным контекстом вопросительных местоимений в кыргызском, турецком и тувинском языках.*

***Ключевые слова:*** *вопросительные местоимения, сравнительный контекст, кыргызский, турецкий и тувинский языки.*

***Abstract:*** *the Article is devoted to the discussion of issues related to the comparative context of the interrogative pronouns in the Kyrgyz, Turkish and Tuvinian languages.*

***Key words:*** *interrogative pronouns, comparative context, Kyrgyz, Turkish and Tuvinian languages.*

Ат атоочтор - тилдин өнүгүш өрүшүн өзгөчө чагылдырган сөздүк курамындагы сөздөрдүн эң байыркы катмары. Анткени ат атоочсуз деле тил болбойт. Тил аттуунун баарына бирдей мүнөздүү сөздөрдүн катарын да дал ушул ат атоочтор түзөт. Эгерде негизги түркүмдөгү сөздөр чындыкка багытталып, чындыктын бир бөлүгүн же кандайдырбир белгисин чагылдырса, ат атоочтор, андан айырмаланып, чыдыкка эмес, кеп жүрүп жаткан кырдалга, же кептин өзүнө багытталып, негизги түркүмдөгү сөздөрдүн тилдеги ички чагылышын, нускамоделин түзөт. Натыйжада ат атоочтор кеп агымындагы сөздөрдү куру кайталоодон арылтат, башка түркүмдөгү сөздөрдү алмаштырат, маани жактан кепке катышкан же катышпаган жакты, же кепке алынган затты шилтеп көрсөтөт, нускап туюнтат, текст тутумундагы сөздөрдү, муунактарды, сүйлөмдөрдү өз ара байланыштыруу кызматын аткарат. Макаланын максаты – кыргыз, түрк жана тува тилдериндеги сурама ат атоочтордун тектештирме контекстине сереп салуу [1-11].

Затты же анын белгилерин берилген суроонун жообу аркылуу шилтеп көрсөтүүчү ат атоочтор *сурама ат атоочтор* деп аталат [1-4].

Кыргыз тилинде сурама ат атоочторго төмөнкү сөздөр кирет: *ким, эмне//не, кандай, кайсы//кай, канча, нече, кайдан, качан, кайда* ж. б.

Сурама ат атоочтордун негизин суроо мааниси түзгөндүктөн, булар көбүнчө суроолуу сүйлөмдү уюштуруучу каражат деп табылат. Маанилик булагы болуп берилген суроого жооп иретинде түшкөн сөз да, сөз айкашы да, кээде сүйлөм же тексттин үзүндүсү да кызмат кыла берет. Мындай учурда маанилик булак мүнөздүү түрдө ат атоочтон кийин келет: – *Ким бу? – деди Сейде коркуп жатып. – Менмин... Эшикти ач, Сейде!.. Сен кимсиң? – деди Сейде кооптонуп... – Ой, бул менмин, Сейде ач, ач эшикти?* (Ч.Айтматов). – *Бул эмне?!.. Оку! – деди Шералы. Шады ынак окуган жок, жакын ийилип сүйлөдү: – Жарлык..* (Т.Касымбеков).

*Ким* сурама ат атоочу адамга гана карата колдонулат: – *Ысмың* ким? – *Жаркынбай* (К.Осмоналиев). *Көк өрдөк сузүп өтпөгөн көлдүн пири ким экен? Көл жакалай куш салган эрдин пири* ким *экен?* (Жеңижок). – Кимдин *буйругу? – Жогору жактын буйругу* (Ч.Айтматов). – *Сиз* кимсиз? – *Мен урматтуу Төрө... Баатыр башы Атакулмун..* (Т.Касымбеков).

*Эмне* сурама ат атоочу адамдан башка бардык жандуу жана жансыз заттарга карата айтылат: – *А бул* эмне *экен? – Момпосуй!* (Ө. Даникеев). – *Кушуң* эмне *алат? – Кыргоол алат. Анан* эмне *алат? – Коён алат. – Анан эмне алат? – «Анан.* эмне *алат» – дейт тура. Кекилик, чил, өрдөк, кыргоол алат, каз алат, тоодак алат* (С.Рыскулов).

*Эмне* ат атоочунун кыска түрү катары *не* ат атоочу колдонулат: *Каракандын шаарында качып жүрүп не пайда? Темиркандын шаарында качып окуруп не пай-*

*да? Темиркандын шаарында тентип жүрүп не пайда?* («Манас»). *Теңтушумдан кем болдум, теңирим менде не жазык? Курдашымдан кем болдум, Кудайым менде не жазык?* (Жеңижок).

*Эмне* ат атоочу туугандык, жакындык, мамилелерди сурап билүү үчүн кээде адамга карата да колдонулат: *– Байым, сүйүнчү, түлкү ичигиң кийинчи! – Болсун, эмне экен? – деди... Куйту сүйүнүп: – Байбичең алтын көкүлдүү бир эркек, күмүш көкүлдүү бир кыз тууду! – деп шаарга кирип кетти* (Жомок). *– Бул бала эмнеңиз болот? – Уулум, аты – Күнтегин* (Актан).

*Кандай* сурама ат атоочу заттын же кеп кырдаалынын сынсыпаттык белгилерин сурап билүү үчүн колдонулат: *Арзуумду менин сезбеген Айсулуу* кандай *немесиң?* (М.Элебаев). *– Ал* кандай *иш, урматтуу таксыр?* (Жомок).

*Кандай* сурама ат атоочу айрым учурда стилдик жактан кепке алынып жаткан кырдаалга көркөм түс берүү, баа берүү, кеп кырдаалын сыпаттоо максатында да колдонулушу мүмкүн: *Сугат, отоо, апийимди суюлтуу. Кандай сонун, кандай кызык чөп чабык* (А.Осмонов). *Жер соорусу экенсиң, Канча түмөн мал баткан Кашка-Суу деген мындай жер, Келишимдүү кандай жер* (Жеңижок).

*Кайсы* деген сурама ат атооч бир өңчөй заттардын ичинен бирөөнү сурап бирүү үчүн колдонулат: *– Ким айтат жыксын деп? Кайт артыңа! – Жообун мен берем! – Жообуң кайсы? Бирөөнүн суусун жыгып алып, арыктарды аңдытканыңбы?* (Ч.Айтматов). *Кайсы уруктансың? Кимдин уулусуң? Жигит ызаат билгизип үн катты: – Бостон болобуз, датка ата. Молдо Асандын уулумун* (Т.Касымбеков). *– Эмне? Кайсыл атты? Кайсыл атты дейт тура. Алиги кирасин тарткан кара атты* (Ө.Даникеев).

*Кайда* сурама ат атоочу мейкиндик жактан заттын алган ордун, кээде багытын сурап билүү максатында колдонулат: *Касиеттүү аккан суу, сенсиз бизге күн кайда? Ушул турган сулуулук жоголмок баары бей пайда!* (Жеңижок). *– Ой, байдын баласы, жети өгүздү кайда айдап барасың? – Кайтарып жүрөмүн, Жеке таз баатыр* (Жомок).

*Кайдан* сурама ат атоочу кыймыл-аракетин мейкиндик жактан сүйлөөчүгө карата болгон багытын сурап билүү үчүн колдонулат: *Бардык балээ кайдан? – Кызыл тилден* (Макал). *– Ээ, балам, кайдан жүрөсүң, эрдиң кеберсиген, этегиң түрүлгөн, сен ыраак жерден келе жаткан баласың го? – Ооба, ата, ыраактан келе жатамын. Мен бир кандын баласы элем* (Жомок). *– Толтуруш керек. – Кантип? – Акча таап. – Кайдан? – Ал менин ишим эмес..* (Ө.Даникеев).

*Кана* сурама ат атоочу *кайда* ат атоочуна маани жактан жакындайт, бирок *кана* аркылуу сурап билинүүчү зат багыттык белги боюнча аныкталбай, жалгыз гана сүйлөөчүгө жакындык белгиси боюнча аныкталат. Ошондуктан *кана* ат атоочу кыймыл-аракеттик маанидеги этиш сөздөр менен сүйлөм тутумунда айкашпайт: *– Минген атың кана? – Атканада байланып турат. – Белегиң кана, уулум? – Мына, ата. Теңин бөбөгүмө бердим.*

*Качан* сурама ат атоочу кепке алынып жаткан кырдаалдын мезгилдик белгисин сурап көрсөтөт: *Кана, сен качан барып, канча олжо алып келгениңди айтчы?* (Актан). *– Ошондо бир эңшериле түштүм дейсиң... Качан? – Сүрөттү тытып салгандачы..* (Б.Усубалиев). *– Кайдан таанийсың, мурда көрбөсөң? – Көргөм. – Качан? – Айчубактагы ат чабышта ушул киши мени сүрөгөн..* (С.Рыскулов).

*Канча, нече* деген сурама ат атоочтор заттын санын, өлчөмүн, сурап билүү үчүн колдонулат: *Ой жагында тарса бар, Ондон берки парсы бар, Каптал жакта Калча бар, Олжо берген аларга Кыргыз уулу канча бар?* («Манас»). *– Саны канча? – деп сурады, ордо аскеринин өңүтүнөн көзүн албай. – Беш миң ашуун көрүнгөн, Бекназар аке... – деп жооп кылды* (Т.Касымбеков). *Мына, нечен жылдар бою суусун ичип, өздөрүнүн бүткүл тиричилиги менен байланышкан Жаңы-Арыктын көпүрөсүнөн өтүштү* (М.Абдукаримов).

Маанилик булагына карай сурама ат атооч төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Маанилик булагы зат атооч болгоп сурама ат атоочтор: *ким, эмне, не?* Булар зат атоочтун сан, таандык, жөндөмө жана жак категориясы боюнча өзгөрөт: *кимдер, эмнелер, кимим, эмнем, кимиң, эмнең, кимиси, эмнеси, кимибиз, эмнебиз, кимиңер, эмнеңер, кимдин, эмненин, кимге, эмнеге, кимди, эмнени, кимде, эмнеде, эмнеден, кимден* ж.б. Ошондой эле жөндөлүштүн көнөкөй түрү боюнча жөндөлүп, ат атоочтук уңгу жөндөмө мүчөнүн башкы үнсүзү түшүрүлбөй сакталган толук түрүн кабыл алат.

2. Маанилик булагы сын атооч сөздөрдөн турган сурама ат атоочтор: кандай *кайсы(л).* Булар нагыз сурама ат атоочтук мааниде колдонулганда уланды жана куранды мүчөлөрдү кабыл албайт, бирок затташып, катыштык мааниде колдонулганда, айрым мүчөлөр менен өзгөрөт: *кандайча, кандайынча, кайсынысы, кайсынысыныкы, кайсыныкынын, кайсыныкына, кайсыныкын, кайсыныкында, кайсыныкынан* ж.б. Жөндөлүштүн татаал түрү боюнча жөндөлөт.

3. Маанилик булагы сан атооч сөздөрдөн турган сурама ат атоочтор: *канча, нече.* Булар иреттик сандын -ынчы, жамдама сандын -өө мүчөлөрүн кабыл алып, сейрек болсо да таандык, жак, жөндөмө категориялары боюнча өзгөрөт: *канчанчы, нечении, канчоо, нечөө, канчоонун, канчоого, канчоону, канчоондо, канчоонон* ж.б. Жөндөлүштүн түрү – татаал жөндөлүш.

4. Маанилик булагы тактоочтук маанидеги сөздөрдөн түзүлгөн сурама ат атоочтор: *кайда, кайдан, кана.* Булар негизинен морфологиялык жактан өзгөрбөйт. Сурама ат атоочтор өзүнүн маанилик булагына мүнөздүү болгон синтаксистик милдетти аткарат.

Түрк тилинде сурама ат атоочтор *soru zamirleri* деп [4-6; 10-11]: *Kimi gördün? Кимди көрдүң? Kapıyı gördüm. Дарбазачыны көрдүм. Neye baktılar? Эмнеге караштыʔ Yapıya baktılar. Жалпыга караштьı. Kime söyleyorsun? Кимге сүйлөп жатасың? Sana söyleyorum. Сага сүйлөп жатам. Kimde kaldı? Кимде калды? Neden yapılmış? Эмнеден жасалган? Kimin hesabı? Кимдин эсеби? Neyle taşıdınız? Эмне менен ташыдыңыз? Nece konuşacağız? Кайсы тилде сүйлөшөлүк?*

Түрк тилинде сурама ат атоочтор курамына төмөнкү сөздөрдү камтыйт: *kim – ким, ne – эмне, nasıl – кандай, kaç – канча, hang - кайсы.* Түрк грамматикасында булардын ичинен *kim, ne* сөздөрү гана нагыз ат атооч саналып, калгандары сын атоочтун бир тобуна жаткырылат (Banguoğlu 1986: 351-356; Ergin 1994: 289-299, 303-314).

*Kim* ат атоочу кыргыз тилиндегидей эле адамга карата колдонулат: - *Kim fabrikada çalışıyor? - İşçi fabrikada çalışıyor. - Kimi gördün?- Orhanı gördüm. - Kime söyleyorsun? - Sana söyleyorum.*

*Ne* ат атоочу да кыргыз тилиндегидей адамдан башка бардык жандуу жана жансыз заттарга карата колдонулат. *Bu nedir? - Bu mu? Bu yeni bir çanta. Ne konuştunuz? - Bir şey sormak için.*

*Kim, ne* ат атоочтору заттык маанидеги сөздөрдү суроо үчүн колдонулгандыктан, кеп ыңгайына жараша алар көптүк, жөндөмө ж.б. мүчөлөр менен да айтыла берет. Мисалы: *Eve kimler gelmişti? - Eve arkadaşlarım gelmişti. - Orada nelerdi gördünüz? - Kimlerden borç aldınız? - Neye karar kıldın?*

*Nasıl* ат атоочу кыргыз тилиндегидей эле заттын же кеп кырдаалынын сапаттык белгилерин сурап билүү үчүн колдонулат (Абдувалиев, Садыков 1997: 147-148). Мисалы: *- Böyle yapsak nasıl olur? - Nasıl, hoşuna gitti mi?*

*- Bu nasıl oda?*

*Kaç* ат атоочу сан атоочторго карата колдонулат: *- Bu sınıfta kaç öğrenci var? - Kaça kadar sayabilirsin? - Bir haftada kaç gün var?*

*Hangi* ат атоочу кыргыз тилиндеги *кайсы* сөзүнө маанилеш келип, бирөңчөй заттардын ичинен бирөөнү сурап билүү үчүн колдонулат: *- Hangisini istiyorsunuz? - Bu kitabı istiyorum. - Hangisinde para yok? - Bu çocukta para yok.*

*- Hangi odayı beyendiniz? - Önünüzdeki odayı beyendik.*

Тува тилининде сурама ат атоочтор курамына төмөнкү сөздөрдү камтыйт [6-9]: *кым? - ким? чү? чүү? - эмне? кандыг? - кандай? кайы? кайызы? - кайсы? кымныг? - кимдики? чүнүү? - эмненики? чеже? каж? - канча? кайда? - кайда? кала? - каякта? кайыр? кайыртаан? кайдан кажан? - качан? чүге? - эмнеге? чүден? - эмнеден?*

*Кым* формасы түрк тилдеринин ичинен жалгыз гана тува тилинде колдонулат.

*Чү//чүү* ат атоочу тувадан башка азыркы түрк тилдеринин биринде да кездешпейт.

*Кым?* жана *чү?//чүү?* сурама ат атоочтору жак, таандык жөндөмө мүчөлөрү менен өзгөрөт.

Ким? ат атоочу (адамга тиешелүү) таандык мүчөнү кабыл албайт.

Чүге? Эмнеге? Чүден? сөздөрү сурама ат атооч болгону менен тарыхый этимологиясында жөндөмө мүчөлөрү менен түзүлөт.

Бирок булар жөндөмө мүчөлөрү уланган сөздөргө омонимдик маани катары келет.

*Кандыг? кандай? Кан//* уңгу менен -дыг аффикси менен түзүлгөн. кан - // кай- уңгусу бүт түрк тилиндеги фонетикалык варианттарында көптөгөн сурама ат атоочтордун курамында колдонулат.

*Кай* – варианты кээ бир түрк тилдеринде өз алдынча турганда суроону пайда кылат. Ал эми *-дыг// -даг? //-дай? // дый? // ...* тарыхый жактан *дег// тег* жандоочунан пайда болуп, бир нерсе экинчи бир нерсеге салыштырганда колдонулат.

Мисалы: *хар дег - кардай ак, каң дег быжыг – темирдей бышык* ж.б.

*Кайы? кайзы*? ат атоочу *кай* уңгусунан жана 3-жактын таандык мүчөсүнөн түзүлгөн: *кай-зы?*

*Кайда?* ат атоочу тарыхый келип чыгышы кай уңгусунан жана жатыш жөндөмөнүн –да мүчөсүнүн уланышынан пайда болот.

*Кайын?// кайын? кайдан?* сурама ат атоочу төмөнкүчө түшүндүрүлөт:

а) *кайын < кайыын < кайдын < кайдан < кай-дан, кайдан// каян? (кайдан?)*

б) *кайын < кайыын < кайдын < кайдин < кайдин < кайдин, кайыртан, // кайыртан.* Алтай тилиндеги *кайдартын* жана хакас тилиндеги *хайдартын* ат атоочтору менен этимологиясы бир.

*Кажан? кашан////качан//кайчан* сөздөрү менен этимологиясы бир.

Бардык түрк тилдеринде бирдей мааниде колдонулган бул сөз фонетикалык жактан гана өзгөрөт: *кашан*? *ч* > *ш* казак, каракалпак, ногой тилдеринде колдонулат.

*Каш? канча*? ат атоочу тува тилинин фонетикалык варианты болуп эсептелет.

*Чеже? нече* деген сөздүн фонетикалык варианты болуп эсептелет да, жалгыз гана тува тилинде колдонулат. Ал эми башка түрк тилдеринде бул ат атооч *нече//неше* болуп келет.

Ошентип, кыргыз, түрк жана тува тилдериндеги сурама ат атоочтордун тектештирме контекстине сереп салуу максатын көздөгөн бул макалабызда сөздүк курамындагы эң байыркы катмарлардын бирин түзгөн ат атооч түркүмүнүн ичинен сурама ат атоочтордун лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү териштирилип, мунун натыйжасында салыштырылып жаткан үч тилде тектештик менен шартталган жалпылык басымдуу экендиги аныкталды. Ал алардын ортосунда орун алган айырмачылыктар дагы да кошумча иликтөөлөрдү талап кылары анык.

***Адабияттар***


1. *Азыркы кыргыз адабий тили. –Б., 2010.*
2. *Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили. Морфология. –Б., 1997.*
3. *Кыргыз адабий тилинин грамматикасы: фонетика жана морфология. –Ф.: Илим. 1980.*
4. *Садыков Т., Сагынбаева Б. Кыргызча-түркчө салыштырма грамматикасынын негиздери. –Б., 2010.*
5. *Кононов А.Н. Грамматика современного турецкого литературного языка. –М.-Л., 1956.*
6. *Языки мира: тюркские языки. –Б., 1997.*
7. *Исхаков ф. Г. Местоимения. Исследования по сравнительной грамматика тюркских языков. Часть 2. Морфология.- М., 1956.*
8. *Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. Морфология. -М., 1988.*
9. *Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. Региональная реконструкция. –М., 2002.*
10. *Banguoglu T. Türkçenin Grameri. Ankara. 1995.*
11. *Hengirmen M. Türkçe Dilbilgisi. Ankara. 1995.*